2019-жылдын 5-ноябрында «Тазалык философиясы, заманбап рухий жана тил көйгөйлөрү профессор А.Ибраевдин эмгектеринде» аттуу Республикалык илимий-практикалык конференция өттү. Иш- чараны ачып берүү үчүн И.Арабаев атындагы КМУнун илим боюнча проректору Э.Каниметов жана Мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору Дюшембиева Айгул Осмоновна сөз сүйлөп , иш-чараны ачып беришти. Конференциянын жүрүшүндө «Тазалыктын миң сыры» аттуу китебинде жазылган ойлорду талдашып, А.Ибраевдин эмгегин жакындан тааныгани замандаштары, Эл аралык Ала-Тоо университетинин проректору Ж.Каниметов , КРнын Жогорку Кенешинин депутаты А.Узакбаев , КРнын Илимдер Академиясынын академиги Б.Мурзубраимов, физика математика илимдеринин доктору, профессор К.Осмоналиев , филология илимдеринин доктору, профессорлор: С.Ибрагимов, Т.Сыдыков , А.Эгембердиевалар автордун алгылыктуу жаратмандыгы жөнүндө, философиялык деңгээлде ой жүгүртүп келгендигин,көп тилдүү экендигин баалап , ар тараптуу ойлорун ортого салышты. Мамлекеттик тил жана маданият институтунун студенттери А. Ибраевдин калемине таандык ырларын көркөм окушту.




«Тазалык философиясы, заманбап рухий жана тил көйгөйлөрү
профессор А.Ибраевдин эмгектеринде» аттуу
Республикалык илимий-практикалык конференцияга
кош келиңиздер!